Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
27. Sayı 2019

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
27-саны 2019

# Түркий элдердин ишенимдеринин аталышынын күңгөй-тескейи

**Өскөнбай Зууридинов** *
**Медербек Кадыров** **

**Абстракт**

Тарыхта түркий элдердин өздөрүнө таандык ишенимдери тууралуу маалыматтар болгону айтылат. Бирок, эч бир тарыхий маалымат алардын ишенимдерин белгилүү аталыш менен жазып калтырган эмес. Ошондуктан изилдөөчүлөр түркий элдердин эски ишенимдерине белгилүү бир аталышты ыйгарганга аракет кылышкан. Бул макалада биз изилдөөчүлөр тарабынан ыйгарылган аталыштарга көз чаптырдык.

***Ачкыч сөздөр:*** Шаманизм, тотемизм, көк теңир дини, түркий элдердин салттуу дини, камчылык, теңирчилик.

## Aspects Of Naming Of The Traditional Turkic Religion

**Abstract**

From historical records we know that the turkic people had their own beliefs.But not a single historical writing recorded the name of the turkic beliefs.Sothe researchers tried to give a common name to theTurkic old beliefs.In this article we took a look at names of Turkic old beliefs given by researchers.

***Kew words:*** Shamanism, totemism, religion of Gok tengri, traditional religion of turks, religion of kam, tengrism.

**Киришүү**

*Кыргыздардын байыркы ишенимдери тууралуу так маалыматтын жоктугу учурга чейин алардын ишнимдеринин кандай аталганын же кандай атоо керектигин талаш маселе бойдон калтырууда. Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан тарта улуттук кайра жаралуу доору башталып,*

---

* Окутуучу, ОшМУ теология факультети.

** PhD., ОшМУ теология факультети.

*кыргыздардын нукура ишенимдери теңирчилик болгон деген сөздөр айтыла баштаган. Кала берсе теңирчилик деген түшүнүктү мамлекеттик идеология катары сунушташкан. Теңирчилик деп аталган идеологияны изилдөө өз алдынча бир макаланын темасын түзгөндүктөн биз анын ички мазмунуна бул жерде кирбейбиз. Биз болгону кыргыздардын байыркы ишенимдерин кандай атоо керек деген суроонун айланасында түркий элдердин байыркы ишенимдеринин аталыштарына көз салабыз. Кыргыздардын ишенимдерин тектеш түркий элдердин ишенимдери менен бир бүтүн караганда гана суробузга алгылыктуу жооп таба алабыз. Андыктан түркий элдердин ишенимдерин түбү бир баалуулук катары карайбыз. Изилдөөчүлөр тарабынан түркий элдердин ишенимдерине карата“шаманизм”, “тотемизм”, “көк теңир дини”, “түркий элдердин салттуу дини”, “камчылык”, “теңирчилик”деген аталыштар сунушталганы менен алардын кайсы бири кыргыздардын байыркы ишенимдерине аныктама бере аларын талдап көрөбүз.*

Түркий элдердин ишенимдери коомдун бир бүтүнү катары жана коомчулуктан бөлүнбөй жашап келгендиктен аны атайын бир ат менен атоого муктаждык туюлбаганы айтылат. Анын үстүнө түркий элдердин ишенимдери башка диндер сыяктуу системалашуу процессин баштан өткөрбөй калган делет.[51] Ошондуктан алардын диндерин кандай атоо керек деген суроого так жооп берүү кыйынга турат. Ага карабастан изилдөөчүлөрдүн жообун угуп көрөлү жана анын натыйжасында жыйынтык чыгарууга аракеттенели.

В. Радлов түркий элдердин ишенимдерин изилдеп жүрүп, алардын ишенимдеринин бүтүнүн “шаманизм” деген термин менен сүрөттөгөн.[52] Бартольд түркий элдердин шаманист болгонун жазган.[53] Дээрлик бардык орус изилдөөчүлөр түркий элдердин ишенимдерин “шаманизм” деген аталышта түшүндүрүп келишкени айтылат.[54] Француз турколог Жан-Поль Ру шаманизмди түркий элдердин

---

[51]Ünver Günay, Harun Güngör. *Başlangıçtan Günümüze Türklerin Dinî Tarihi*. – İstanbul: Rağbet Yayınları, 2007. – 133-б.

[52]Wilhelm Radloff. *Türklük ve Şamanlık*. çev. A. Temir, T. Andaç, N. Uğurlu. 1. Baskı. – İstanbul: Örgün Yayınevi, 2008. – 15-16-бб.

[53]В. Бартольд. *Тюрки: Двенадцать лекций по истории турецких народах*. – Алматы: Жалын, 1993. –10-б.

[54]Günay-Güngör. *Аталган эмгек*. –138-б.

ишенимдеринин бүтүнүн түшүндүрүү үчүн колдонгону менен аны түркий жана монгол элдеринин ишенимдерин толук камтый албайт деген ойду айткан.[55] Шаманизм деген термин XVII кылымдан экинчи жарымында орус тилине, андан батыш тилдерине өтүп, илимий термин катары колдонулуп келе жатат. Ал Сибирдеги тунгустардын шаман деп аташкан сыйкыр иштери менен алектенген адамдарынын атынан келип чыккан. Шаман деген сөз түркий элдер үчүн бөтөн сөз экени айтылат. Ал пали тилиндеги тилемчи, кечил деген маанидеги "самана" деген сөздөн кытайчага "ша-мен" болуп өтүп, андан манжу-тунгуз тилине "шаман" болуп өткөн делет. Демек, шаман деген сөз Сибир аймагында буддизмдин таасиринен улам пайда болгон десек болот.[56] Түркий элдер шаман деген сөздү колдонушкан эмес жана алардын өздөрүнө таандык "кам" деген сөздөрү болгон.[57] Ал эми кытай булактарында кыргыздар IX кылымда "ган" деген сөздү колдонушканы айтылат.[58] Махмуд Кашкари Дивану лугати-түрк эмгегинде "кам" деген сөздү сыйкырчы, палчы деген мааниде чечмелеген.[59] Бул сөз учурда Алтай аймагында жана уйгурлар тарабынан кеңири колдонулаары белгиленген.[60] Шамандан шаманизм термини келип чыккандай эле, Алекперов түркий элдерне таандык болгон камдан улам "камчылык" деген терминди колдонуп, аны түркий элдердин алгачкы дини болгон дейт.[61] Бирок, учурда

---

[55]Jean-Paul Roux. *Türklerin ve Moğolların Eski Dini*. Çev: Aykut Kazancığil. – İstanbul: İşaret Yayınları, 1994. -49; 238-б.

[56]Harun Güngör, "*Şamanizm*".//DİA. XXXVIII том. – İstanbul: TDV, 2000. –325-б; Европа эли шаман деген сөз менен Эверт Избрант Идстин (1657-1708) саякаты жарыялангандан кийин кабардан болушкан. Караңыз: Wilhelm Radloff. *Türklük ve Şamanlık*. Çev: A. Temir, T. Andaç. N. Uğurlu. –İstanbul: Örgün Yayınevi, 2008. –11-б.

[57]Radloff. *Аталган эмгек*. –11, 34-б.

[58]Günay-Güngör.*Аталган эмгек*.–121-б; Ahmet Taşağıl.*Çin Kaynaklarına Göre Türk Boyları*. 2. Baskı. – Ankara: Türk Tarih Kurumu, 2013. –85-б; Radloff. *Аталган эмгек*. –112-б.

[59]Mahmud Kaşgarlı. *DivânüLügâti't-Türk*. çev. BesimAtalay.IIIтом. –Ankara: TDK, 1940. –157-б.

[60]Radloff. *Аталган эмгек*. –111-б.

[61]Ф. Алекперов. *Шаманизм или философия Тенгрианства*. //Сборник статей VI-й Международной научно-практической конференции "Тенгрианство и эпическое наследие народов Евразии: истоки и современность". –Астана: ТОО Мастер По, 2017. –38-б.

изилдөөчүлөр тарабынан шаманизм дин катары таанылбайт.[62] Ошого карабастан Россия аймагында шаманизмди официалдуу түрдө дин катары каттоодон өткөрүү демилгеси көтөрүлүп жүрөт.[63]

Түркиялык диндер тарыхы боюнча адис Хикмет Танйу түркий элдердин ишенимдерин шаманизм деп атоого каршы пикирин билдирип, анын ордуна "Көк теңир дини" деген терминди сунуштаган.[64] Хикмет Танйунун шакирттеринен Үнвер Гүнай менен Харун Гүнгөр "шаманизм" менен түркий элдердин ишенимдеринин айырмасын түшүндүрүп беришкен. Алардын айтымында, шаманизм буддизмдин ламаизм агымынын таасири менен пайда болуп, курама ишеним болуп эсептелинет. Анткени, шамандын кийиминдеги жыландын сүрөттөрү, коло күзгүсү, добулбасы жана күүсү ламаизмдин таасири болсо, шамандын ритуал учурунда наркотикалык заттардан пайдалануусу перстердин таасири, ал эми үч кабаттуу аалам түшүнүгү индоевропалык таасир экенинен кабар берет.[65] Авторлор түркий элдердин ишенимдерин "түркий элдердин салттуу дини" деген термин менен атоону туура көрүшөт жана "түркий элдердин салттуу" дини Көк теңирди негиз алып, анын айланасында жыйналган нукура система дешет.[66] Ошондой эле Түркияда диндер тарыхы боюнча адистердин сап башында турган Гүнай Түмер менен Абдуррахман Күчүк түркий элдердин ишенимдеринин жыйындысын "түркий элдердин салттуу дини" деп атоого болоорун айтышат.[67] Түркиялык адистерден Экрем Сарыкчыоглу кесиптештеринин "түркий элдердин салттуу дини"

---

[62]Harun Güngör. *Türk Din Etnolojisi*. – İstanbul: IQ Kültür ve Sanat Yayıncılık, 2012. –7-б.

[63]Россия Федерациясынын аймагында шаманизмдин официалдуу дин катары катталбай келгенин эксперт үч себепке таяндырып айтат: Биринчиси, мыйзамда РФ аймагында эч кандай официалдуу дин айтылбайт, экинчиден, бардык шамандардын башын бириктирген жогорку шаман деген статус жок, үчүнчүдөн, шаманизм дин болуп эсептелбейт, болгону диний-магиялык практикалар бүтүнүн түзөт. Караңыз: https://iz.ru/757824/ignat-orbeliani/nereligioznye-vzgliady 03.09.2019

[64]Hikmet Tanyu.*Türklerin Dini Tarihçesi*. 1. Baskı. –İstanbul: Türk Kültür Yayını, 1978. –12-б.

[65]Günay-Güngör. *Аталган эмгек*. –141; 143-б.

[66]Günay-Güngör. *Аталган эмгек*. –147-б.

[67]Abdurrahman Küçük, Günay Tümer, Mehmet Alparslan Küçük.*Dinler Tarihi*.–Ankara: Berikan Yayınları, 2009. –112-113-бб.

деген пикирлерине кошулганын белгилейт.[68] Демек, жогоруда айтылгандай эле түркий элдер өздөрүнүн ишенимдерин белгилүү бир термин менен аташпагандыктан изилдөөчүлөр тарабынан ар кандай аталыштар сунушталган.

Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан тарта айрым топтор кыргыздардын байыркы ишенимдери теңирчилик деп аталганын жар салып келишет. Чоюн Өмүралиев теңирчиликти жалпы түркий элдердин башын бириктире турган идеология катары сунуштап келет.[69] В. Ушницкий Якутияны мисалга алып, теңирчилик менен неошаманизм деген терминди жаңыдан пайда болгон агым катары колдонгон. Анын макаласында теңирчилик менен неошаманизм бир эле түшүнүктөн улам пайда болгон эки башка агым экенин түшүнүүгө болот. Автор якутиялык теңирчилердин теңирчилик ишеними аркылуу түркий элдердин башын бириктирүүгө камылга көрүшөрүн белгилейт. Ошондой эле анын айтымында дээрлик бардык түркий тилдүү өлкөлөрдө интеллегенция өкүлдөрүнөн теңирчиликти жактагандар болгонун билсек болот.[70] Демек, постсоветтик түркий тилдүү өлкөлөрдө теңирчилик деген агымдын пайда болушуна эмне себеп болгонун карап көрүшүбүз керек болуп жатат. Кала берсе, теңирчиликти идеология катары сунуштаган жана анын пропагандасын жүргүзгөндөрдүн интеллегенция өкүлдөрү экени суроо жаратат. Анткени, аталган интеллегенция өкүлдөрү атеизмдин таасири астында калган катмарды түзөт.

Теңирчилик маселеси СССР таркагандан кийин көтөрүлө баштаганы айтылат. СССРдин карамагындагы түркий элдер өз алдынчалыкка жетишкенден кийин өз ара маданий жана диний биримдиктин жолун издешкен. Аларды максаттарына жеткире турган жол теңирчилик болчу делет.[71] Эмне үчүн эски СССРдин карамагындагы түркий элдер өз ара маданий, диний биримдикти

---

[68]Ekrem Sarıkçıoğlu.*Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi.*–Isparta: Fakülte Kitabevi, 2004.–108-б.

[69]Чоюн Өмүралиев. *Теңирчилик. Мамлекет-Коом.* –Бишкек: “Кыргыз-Жер”, 2012. –18-б.

[70]В. В. Ушницкий. *Современная “вера” якутов: религия Айыы, тенгрианство, неошаманизм.* //Религиоведение. Н: 3. Издательство АмГУ, 2016. –37-42-бб.

[71]Harun Güngör. *Türk dünyasında dinî ve politik bir fenomen olarak Tanrıcılık=Tengriyanstvo.* //Turkish Studies. Volume 8/9. – Ankara, 2013. –67-б.

издешкен деген суроо туулат. СССРдин карамагында калган түркий элдер орусташтыруу саясатынын таасири астында өз тилдерин, диндерин жоготуп алуу коркунучуна кабылышкан. Дүйнөгө эшик ачылгандан кийин түркий элдер замандын агымына каршы сүзүп кетүү үчүн даярдык көрө башташкан. Анын үстүнө атеизм доорунан кийин түркий элдерде руханий боштук пайда болгон эле. Ошонун натыйжасында түркий элдердин улуттук кайра жаралуу доору башталган.[72] Улуттук кайра жаралуу агымы жаңы бир идеологияны талап кылган. Ушу жерде теңирчиликтин эмне себептен идеология катары сунушталганын түшүнсөк болот. Анткени, теңирчилик түркий элдерди руханий кризистен жана саясий тунгуюктан алып чыгара турган формула катары көрсөтүлүүдө.[73]

"Теңирчилик" деген терминди алгачкылардан болуп Олжас Сулейменов колдонгону менен ал деле аны толук ачып берген эмес делет.[74] Байыркы түрк каганатында саясий элита тарабынан карманган теңирчилик деген диндин болгонун Жан-Поль Ру айткан деген маалымат жүрөт.[75] Чындыгында эле Жан-Поль Ру байыркы түркий элдерде саясий элитанын бир дини жана карапайым элдин бир дини болгонун божомолдогон.[76] Байыркы түркий элдер, анын ичинде кыргыздар да бийликти канга теңирдин бергенине ишенишкен. Кан бийликти теңирден алганы үчүн эли менен бирге теңирге сыйынып турган. Кандын бийлиги монотеизмдин символу болуп берген. Качан гана кан бийлигин жоготуп, эли чачыранды

---

[72]Караңыз: Л. Федерова. *Возрождение тенгризма как религиозного учения в наши дни.* // Сборник статей VI-й Международной научно-практической конференции "Тенгрианство и эпическое наследие народов Евразии: истоки и современность". – Астана: ТОО Мастер По, 2017. –404-б.

[73]Караңыз: Н. Аюпов. *Тенгрианство и Ислам как факторы религиозной идентификации.* // Сборник статей VI-й Международной научно-практической конференции "Тенгрианство и эпическое наследие народов Евразии: истоки и современность". –73-74-бб.

[74]Harun Güngör. *Türk dünyasında dinî ve politik bir fenomen olarak Tanrıcılık=Tengriyanstvo.* //Turkish Studies. Volume 8/9. – Ankara, 2013. –67-б; Олжас Сулейменов. *Аз и Я.* – Алма-Ата: Грифон, 1975. –218-б.

[75]Ушницкий. *Аталган макала.* –37; 41-б.

[76]Roux.*Аталган эмгек.* – 42-б.

болгондо гана ар уруу өзүнүн ыйыктарына сыйынууга өткөн.[77] Демек, Ру айткан саясий элитанын динин ушу жерден издешибиз керек. Түркий элдердин башы бириккенде гана биримдиктин символу катары Көк теңирге сыйынышса, ынтымак ыдырап, түркий элдер чачырап кеткен кезде Көк теңирге сыйынуу да токтогон. Мына ошентип карапайым элдин дини күч алган. Бул процесс качан гана түркий элдердин башы бириккенге чейин улана берген. Бирок, саясий элитанын динин теңирчилик деп атоого болобу? Саясий элитанын дини делген пикир жөн гана теңир культу болсочу?

Жогорудагы түркий элдердин башы ыдырап, ар уруу өз алдынча ыйыктарына сыйынып кеткен учурдагы окуяларды эске алышып, түркий элдердин ишенимдеринин башатын тотемизм деп атагандар да болгон. Анткени, түркий элдерде кайсы бир жаныбарды эне катары көрүү ишеними болуп келген.[78] Бирок, тотемизм термини түркий элдердин ишенимдерин бир бөлүгүн гана түшүндүрөт. Тотемизм деген термин Эмиль Дюркгейм менен атактуулукка ээ болгон. Дюркгейм бул терминди диндердин келип чыгышын түшүндүргөндө теория катары колдонгон. Дюркгеймдин ою боюнча дин коллективдүү ой жүгүртүүнүн орток түшүмү болуп эсептелет. Кландар өздөрүнүн атасы катары эсептеген жаныбар же өсүмдүктөрдү илимий тил менен изилдөөчүлөр тотем деп түшүндүрүшкөн.[79] Тотем деген сөз америкалык жергиликтүүлөрдүн "ототеман" деген сөздөрүнөн алынган жана алгачкы жолу 1791-жылы Жон Лонг тарабынан өзүнүн китебинде колдонулган делет. Ототемандын мааниси "анын агасы/иниси менен эжеси/сиңдиси бир тууган" дегенди билдирет. Ал аймакта жашаган жергиликтүүлөр жаныбар, өсүмдүк жана канаттуулар менен тууган экенине ишенишкен.[80] Демек, бул деле сырттан берилген аталыш болуп калат жана түркий элдердин ишенимдерин толук камтый албайт.

---

[77] Mircea Eliade. *Dinsel İnançlar ve Düşünceler Tarihi-III*. Çev: Ali Berktay. – İstanbul: Kabalcı Yayınları, 2003. –14-б.

[78] Günay-Güngör. *Аталган эмгек*. –133-137-бб.

[79] Şinasi Gündüz. *Din ve İnanç Sözlüğü*. Vadi Yayınları, 1998. –103-б.

[80] Hikmet Tanyu. *Totem, Totemizm ve Tabu Üzerine Yeni Araştırmalar*. //AÜİFD. 26-т. – Анкара, 1983. –155-б.

## Корутунду

Түркий элдердин ишенимдерин шаманизм деп атай турган болсок, шаманизмдин курама ишеним экени жана анын дин болуп эсептелбегени айтылат. Кала берсе түркий элдер шаман деген сөздү колдонушпаганын көрдүк. Тотемизм деген дин жок болгонуна карабастан түркий элдердин ишенимдерин тотемизм деп атоо да изилдөөчүлөрдү толук канааттандырбайт. Тотемизм бир кезде популярдуу термин болуп турганы менен учурда анын модасы өтүп кетти. Анын үстүнө түркий элдердин ишенимдеринин айрым бөлүмдөрү гана тотемизм менен дал келет. Түркий элдердин эң байыркы сөзү болуп эсептелген теңирди негиз алуу менен алардын байыркы ишенимдерин теңирчилик дегендик да канчалык туура? Анткени, түркий элдердин башы бир болуп турганда гана теңирге табынышпаса, өз алдынча ар уруу өзүнүн ыйыктарына сыйынып турушкан. Ал эми тарыхта теңирчилик деген сөз болбой эле аны түркий элдердин ишенимдерине кантип ыйгарабыз?

Теңирчилик деген агымдын жаңыдан пайда болгону баарыбызга маалым. Ал өзгөчө өз алдынчалыкка жетишкен постсоветтик түркий өлкөлөрдө интеллегенция өкүлдөрү тарабынан иштелип чыккан проект экенин түшүнсөк болот. Анткени, теңирчилик түркий элдердин ишенимдеринен азыктанган саясий идеология катары багыт алды. Аны канчалык диний агым дебейли түпкүлүгү саясатка барып такалат. Тарыхта саясий элитанын карапайым элден айырмаланган өзүнүн дини болгон деген пикирди көрдүк. Азыркы таптагы теңирчилик дал ошол саясий элитанын жолун жолдогон жана эгемендүүлүк алган түркий өлкөлөрдү алдыга карай жашата турган идеология катары пайда болгонун унутпоо керек. Теңирчилик идеологиясын саясий туңгуюк, руханий ачкачылык жана келечекке болгон үмүт пайда кылды же болбосо жандантты десек болот.

Учурга чейин түркий элдердин ишенимдеринин конкреттүү бир аталышы болгон эмес. Изилдөөчүлөр тарабынан берилген аталыштар бир тараптуу көз караштарды чагылдырат. “Түркий элдердин салттуу дини” дейин десек, биздин аймакта дин болуусу үчүн негиздөөчүсү менен китеби талап кылынат. Орто Азия жана

Кыргызстандын шартын эске алып айтканда, азырынча “түркий элдердин салттуу ишенимдери” деген аталыш ыңгайлуудай туюлат. Анткени, чындыгында эле жогоруда сөз кылынган аталыштар түркий элдердин салттуу ишенимдерин түшүндүрүү үчүн айтылган.

**Колдонулган адабияттар**


Eliade, Mircea. *Dinsel İnançlar ve Düşünceler Tarihi-III*. Çev: Ali Berktay. – İstanbul: Kabalcı Yayınları, 2003.

Günay, Ünver. Güngör, Harun. *Başlangıçtan Günümüze Türklerin Dinî Tarihi*. – İstanbul: Rağbet Yayınları, 2007.

Gündüz, Şinasi. *Din ve İnanç Sözlüğü*. Vadi Yayınları, 1998.

Güngör, Harun. “*Şamanizm*”.//DİA. XXXVIII том. – İstanbul: TDV, 2000. – 325-328-бб;

------------------. *Türk Din Etnolojisi*. – İstanbul: IQ Kültür ve Sanat Yayıncılık, 2012.

------------------. “*Türk dünyasında dinî ve politik bir fenomen olarak Tanrıcılık=Tengriyanstvo*” //Turkish Studies. Volume 8/9. – Ankara, 2013. –63-70-бб.

Küçük, Abdurrahman.Tümer, Günay.Küçük, Mehmet Alparslan.*Dinler Tarihi*.–Ankara: Berikan Yayınları, 2009.

Mahmud Kaşgarlı. *DivânüLügâti't-Türk*. çev. BesimAtalay.IIIтом. –Ankara: TDK, 1940.

Radloff, Wilhelm. *Türklük ve Şamanlık*. çev. A. Temir, T. Andaç, N. Uğurlu. 1. Baskı. – İstanbul: Örgün Yayınevi, 2008.

Roux, Jean-Paul. *Türklerin ve Moğolların Eski Dini*. Çev: Aykut Kazancığil. – İstanbul: İşaret Yayınları, 1994.

Sarıkçıoğlu, Ekrem.*Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi*.–Isparta: Fakülte Kitabevi, 2004.

Tanyu, Hikmet. “*Totem, Totemizm ve Tabu Üzerine Yeni Araştırmalar*” //AÜİFD. 26-т. – Анкара, 1983. – 155-172-бб.

--------------------.*Türklerin Dini Tarihçesi*. 1. Baskı. –İstanbul: Türk Kültür Yayını, 1978.

Taşağıl, Ahmet.*Çin Kaynaklarına Göre Türk Boyları*. 2. Baskı. – Ankara: Türk Tarih Kurumu, 2013.

Алекперов, Ф. “*Шаманизм или философия Тенгрианства*” //Сборник статей VI-й Международной научно-практической конференции ”Тенгрианство и эпическое наследие народов Евразии: истоки и современность”. –Астана: ТОО Мастер По, 2017. –35-41-бб.

Аюпов, Н. “*Тенгрианство и Ислам как факторы религиозной идентификации*” // Сборник статей VI-й Международной научно-практической конференции ”Тенгрианство и эпическое наследие народов Евразии: истоки и современность”. –Астана: ТОО Мастер По, 2017. –71-78-бб.

Бартольд, В. *Тюрки: Двенадцать лекций по истории турецких народах*. –Алматы: Жалын, 1993.

Өмүралиев, Чоюн. *Теңирчилик. Мамлекет-Коом*. –Бишкек: “Кыргыз-Жер”, 2012.

Сулейменов, Олжас. *Аз и Я*. – Алма-Ата: Грифон, 1975.

Ушницкий,В.“*Современная “вера” якутов: религия Айыы, тенгрианство, неошаманизм*” //Религиоведение. Н: 3. Издательство АмГУ, 2016. –37-42-бб.

Федерова, Л.“*Возрождение тенгризма как религиозного учения в наши дни*” // Сборник статей VI-й Международной научно-практической конференции ”Тенгрианство и эпическое наследие народов Евразии: истоки и современность”. –Астана: ТОО Мастер По, 2017. –404-411-бб.